# Китепканадан пайдалануу эрежелери

## 1. Окурмандардын укуктары

1.1. Институтунун профессордук-окутуучу курамы, аспиранттар, магистранттар, докторанттар, студенттер, кызматкерлер, дистанттык жана даярдоо бөлүмдөрүнүн угуучулары, колледждердиин студенттери китепканадан пайдаланууга;

1.2. Илимий изденүүчүлөр, убактылуу кызматкерлер, башка ЖОЖдордун студенттери, мектеп окуучулары, коомчулук китепкананын жетекчисинин уруксаты менен өздүгүн тастыктаган паспорттун негизинде окуу залдардан гана пайдаланууга;

1.3. Институтуттун абитуриенттери паспорт менен окуу залдардан пайдаланууга;

1.4. Бардык факультеттердин окурмандары институтуттун окуу залдарынан пайдаланууга;

1.5. Окурмандар китепти убактылуу пайдаланууга, китепканалык фонддон керектүү чыгармаларды, басылмаларды, материалдарды алууга, библиографиялык-маалымат алууга ж.б. тейлөөнүн формаларын пайдаланууга укуктуу.

## 2. Окурмандарды каттоо

2.1. Окурмандык билет китепканадан пайдаланууда негизги документ болуп эсептелет.

2.2. Илимий изденүүчүлөр, убактылуу кызматкерлер, башка ЖОЖдордун студенттери, мектеп окуучулары, коомчулук өзүн тастыктаган документ аркылуу гана китепканадан пайдалана алат.

## 3. Окуу залдардан пайдалануу эрежелери

3.1. Окурмандар окуу залдарга келгенде окурмандык билетин көрсөтүү менен каттоо китепчесине катталат, окуу залынан пайдаланууга уруксат берилет.

3.2. Окурман адабияттарды окуу үчүн окурмандык билетин көрсөтөт, китеп формуляры толтурулат: окурмандык билеттин номери, аты-жөнү, кол койот. Китеп формулярында: китептин аталышы, автору, чыккан жылы, баасы, инвентардык номери жазылат. Китеп менен китептин формулярынын дал келишин текшерүү керек. Китептин барактарынын толук экендигине ынангандан кийин китепти алса болот. Эгерде

китептин барактары айрык болсо китепканачыга эскертүү керек же болбосо китепти алмаштырып алса болот. Себеби китепти ким акыры алган окурман жоопкер болот.

3.3. Окуу залда китепти жана башка материалдарды пайдалануу чектелбейт. Таңсык адабияттар 5 даанадан ашпайт жана белгилүү убакытка берилет.

3.4. Окуу залга өзү менен кошо китеп, газета-журнал, башка материалдарды алып кирүүгө тыйуу салынат. Эгерде окурман сураган адабият окуу залда жок болсо, анда китепканачынын уруксаты менен текшерүү баракчасына белгилетип, жанындагы материалдарды колдонсо болот.

3.5. Окуу залдан уруксатсыз китеп алып чыгууга катуу тыйуу салынат. Эгерде уруксатсыз китеп алып чыкса эскертүү берилет. Китепкананын эрежесин одоно бузгандар үч айлык мөөнөткө тейлөө укугунан ажыратылат.

3.6. Окурман китепти тапшырууда каттоо китепчесине кол койот.

## 4. Абонементтен пайдалануу эрежеси

4.1. Абонементте илимий адабияттар эки айлык мөөнөт менен төмөнкү санда берилет: Профессордук-окутуучу курамга, аспиранттарга, докторанттарга, илимий кызматкерлерге, студент диплом жазуучуларга – 5 даанага чейин, башка категориядагы окурмандарга – 2 даанага чейин.

4.2. Окуу программасынын негизинде окуу адабияттары бир семестрге же бир окуу жылына берилет.

4.3. Көркөм адабияттар жана мезгилдик басылмалар 5 даанадан 15 күндүк мөөнөткө берилет.

4.4. Окурмандар колдонуп жаткан адабияттардын мөөнөтүн узартууга болот, эгерде ал адабиятка суроо талап жок болсо.

4.5. Баалуу жана таңсык китептер, бир даанадагы китеп, басылма үйгө берилбейт.

4.6. Жарыяланбаган материалдар (диссертациялар, фонодокументтер ж.б.), чектелген адабияттар белгиленген тартипте берилет.

4.7 Жайкы эс алуу мезгилинде окурмандар алган китептерин китепканага белгиленген тартипте тапшырууга милдеттүү.